**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУ**
**ОРОЗБЕКОВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ОРОЗБЕКОВСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Орозбеков айылдык кенешинин VII чакырылышынын кезексиз жыйырманчы сессиясы**

Орозбеков айылы — 2023-жылдын 15-сентябры

# ТОКТОМ № 132

**Орозбеков айыл аймагынын Учкун айылынын Учкун участкасынан Кадамжай шаарына кошумча таза суу тартуу боюнча**

Кадамжай шаардык мэриясынын “Кадамжай шаарына Учкун айылынын Учкун участкасынан кошумча таза суу тартуу боюнча” 21.08.2023-жылдагы № 01-03-1278 сандуу каты боюнча жер жана агрардык маселелер боюнча комиссиянын билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, Орозбеков айылдык кеңеши **токтом кылат**:

1. Кадамжай шаардык мэриясына Орозбеков айыл аймагынын Учкун айылынын Учкун участкасынан кошумча таза суу тартуу боюнча изилдөө жумуштарына жана кошумча суу түтүгүн тартууга уруксат берилсин.

2. Учкун айылынын Учкун участкасындагы Азим Булак суусу топтоло турган бетон чуңкурчанын ээлеген 200 ч.м жер тилкеси жана Ак Суу дарыясы менен Кара Суу дарыясынын кошулушундагы Азим Булак суу сактагычынын айланасындагы 500 ч.м болгон жер тилкеси “Кадамжай сууканал” муниципалдык ишканасына ижаралык шартта 20(жыйырма) жылдык мөнөөткө келишимдин негизинде убактылуу пайдаланууга макулдук берилсин .

3. Орозбеков айыл өкмөтүнө суу топтогучтун жана суу сактагычтын ээлеген 0,01 га жер аянты үчүн айына 1000( миң) сомдон аренда алуу жана бул сумма инфляцияга жараша өзгөртүлүп турушун эскертүү менен мыйзам чегинде тиешелүү иш кагаздарды даярдоо жагы жүктөлсүн.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага:** **О.Ибрагимов**